| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VII чакырылышындагы VI кезексиз сессиясы**

## ТОКТОМ

2024-жылдын 15-июлу №41 Кара-Коо айылы

**Жер участокторун которуу (трансформациялоо) боюнча сунуштама киргизүү жөнүндө**

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн №01-9/357 чыгыш санду сунушунун негизинде Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиясынын, Ак-Терек айыл аймагынын Ала-Баш айылынын участкасынан №71, 87, 88, 523, 12, 85, 90, 91, 92, 93, 94, 95 контурунда жайгашкан 36,2 га жер аянтына чарбалык курулмаларды орнотууга, жер аянтын "Жайыт жерлерден" башка категорияга, б.а. "Өнөр-жай, транспорт, байланыш, коргоо жана башка багыттагы жерлер" категориясына которуу (трансформациялоо) боюнча Тоң райондук мамлекеттик администрациясына сунуштоо берүүгө макулдук берүү жөнүндө сунушун угуп, талкуулап Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагынын Ала-Баш айылынын участкасынан №71, 87, 88, 523, 12, 85, 90, 91, 92, 93, 94, 95 контурунда жайгашкан 36,2 га жер аянтын "Жайыт жерлерден" башка категорияга, б.а. "Өнөр-жай, транспорт, байланыш, коргоо жана башка багыттагы жерлер" категориясына которуу (трансформациялоо) боюнча Тоң райондук мамлекеттик администрациясына сунуштоо берүүгө макулдук берилсин.

2. Токтомду аткаруу жагы Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Ж. Зарнаевге жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Г.Ж.Сугатчиевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **Б.Б. Барыктабасов**